**ОшМУнун ОМКсынын кезектеги отурумунун**

**№2 протоколу**

**2025-ж. 29.10.** **ОшМУ, 117-каана**

**Күн тартиби:**

1. Студенттердин (1-курстар, бардык деңгээлдер боюнча) билим сапатына диагностикалык баалоого мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы (ОМК мүчөлөрү. 3 мүнөттөн)
2. 2025-2026-окуу жылында аккредитациядан жана постаккредитациядан өтүүчү билим берүү программаларынын даярдыгы тууралуу (Султанова К.Дж. 5 мүнөт)
3. ОшМУнун "Заманбап лектор - 2025", "Заманбап окутуучу - 2025", "Педагогикалык дебют - 2025", "Заманбап СӨАИ чебери - 2025", "Заманбап окуу басылмасы - 2025", "Заманбап ЭОМК (электрондук окуу-методикалык комплекси) - 2025" конкурстарынын жоболору боюнча программаларын түзүү, жарыялоо (Нурмаматова М.Т.)
4. Окуу жана окуу-усулдук басылмаларды ОшМУнун Окумуштуулар кеңешине сунуштоо (Розыкова М.М.)

   Ар түрдүү маселелер

**М.М. Былыкова**: Саламатсыздарбы, урматтуу кесиптештер! Бүгүнкү отурумдун маселелери менен тааныштырып өтөйүн. Диагностикалоонун максат-милдеттери жободо жазылган. Анын негизинде түзүмдөрдүн бардыгында 1-курска келген студенттердин адистигине пререквизит болуп бере турган дисциплиналар боюнча мониторнг жүргүзүү керек болчу. Ошондой эле аларга SWOT анализ жасап, анын негизинде иш-чараларды аныктап алуу зарылчылыгы турган. Сиздерге сөз берели. Регламентти сактап, ар бириңиздер 2-3 мүнөттөн кыскача баяндап бериңиздер. Ал эми электрондук варианттарды жөнөтүп коёсуздар.

**1. Угулду: Таабалдыева А.** - "Башталгыч билим берүү" жана "Мектепке чейинки билим берүү" багытындагы 1-курстун студенттеринен базалык билимин текшерүү максатында, 2025-жылдын 8-октябрь күнү кеп ишмердүүлүгүн камтыган тест алынып, жыйынтыгы чыгарылды. Жалпысынан диагностикалык мониторингге, башталгыч билим берүү жана мектепке чейинки билим берүү багытындагы 1-курсунда билим алып жаткан жалпы 86 студент катышты. Тест кыргыз тилинин фонетика, лексикология, морфология, синтаксис бөлүмдөрүн камтыган 20 суроодон турат. Тесттин көрсөткүчү боюнча грамматикалык эрежелерди так билбегендиктен, ар кандай башаламан туура эмес жоопторду белгилөө менен адашууларга, каталарга жол койгондугун белгилейбиз. Жогорудагы белгиленген каталарды эске алуу менен "Башталгыч билим берүү" жана "Мектепке чейинки билим берүү" багытында окуган 1-курстун студенттеринин билим сапатына жүргүзүлгөн мониторингде студенттердин тести ушул жыйынтыктарды берди. (Материалдар тиркелет)

**1. Угулду:** Маликова Н. - STEM инновациялык колледжинин 2025-2026-окуу жылындагы 1-курстун студенттерине базалык билим деңгээлин диагностикалоочу мониторинг жобонун негизинде адистиктердин өзгөчөлүктөрүнө карап 8 предмет боюнча жүргүзүлдү. Алар кыргыз тили, орус тили, англис тили, математика, информатика, физика, химия, биология, география сабактары боюнча тиешелүү циклдардарда текшерүү иштери, тесттик текшерүүлөр алынды (тиркелет).

Ушул таризде ар бир түзүмдүн ОМК төрага/төрайымдары маалымат беришти. Материалдар электрондук вариантта папкада тиркелет.

**1.Сөзгө чыкты**: М.Т. Нурмаматова – ЭБжМ институтунун диагностикасында эмне үчүн кыргыз тилинен гана алынган. Ал жерде адистик математика сабагы менен байланышкандан кийин, ошол предметтен алыш керек эле го?

**Узакбаева А.С.** – Биздин институтта математика сабагы кыскарып кеткендигине байланыштуу ушундай болду. Мурунку жылдары математика адистигинен берген окутуучулар диагностикалоочу. Эми кайсы предметтен алышыбызды билбей, ошол кыргыз тили боюнча өткөрүштү.

**Былыкова М.М.** – Экономисттерди даярдап жаткандан кийин, математика же ага жакын предметтерден алсаңар болмок. Информатикадан эмне үчүн албайсыздар? Ушуну эске алыңыздар.

**1.Сөзгө чыкты**: Розыкова М.Б. – Эл аралык медицина факультетинде англис тилин билүү деңгээлине мониторинг жыйынтыгы боюнча 70-80% А2 деңгээли экендиги белгиленген. Алар сабактарды англис тилинде өтсө, анда кандай түшүнүшөт? Бул боюнча кандай иштерди жүргүзүп жатасыздар?

**Жумаева Н.** – Бул боюнча кошумча сабактар уюштурулуп атат. Андан сырткары англис тили сабагы да өтүлөт. Сабактарда ар бир студент өзү да аракет кылып, батыраак өздөштүрүп алышат.

**Былыкова М.М.** – Бул маселе боюнча деканаттын, кафедранын деңгээлиндеги жыйындарда карап, иш планыңыздарга киргизип, азыртадан колго алышыңыздар керек деп эсептейбиз. Кийин ошол студенттердин тил билүү деңгээлине кайрадан мониторинг жүргүзөсүздөр. Ушуну белгилеп коюңуздар.

Эмесе, жогрудагы маалыматтарды эске алып, 1-курска кабыл алынган студенттердин билим сапатына диагностикалык баалоого мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгын жалпысынан канааттандырарлык деп белгилеп, айрыкча маселе жаралган түзүмдөрдө талаптагыдай кайра жүргүзүү, ошондой эле анын натыйжасында пайда болгон маселелрди чечүү максатында иш план түзүп аны аткаруу жагы ОМК төрага/төрайымдарына жүктөлсүн деп чечим чыгарууга макулсуздарбы? Добуш берип коюңуздар. Рахмат.

**М.М. Былыкова:** кийинки маселе боюнча сөзду 2025-2026-окуу жылында аккредитациядан жана постаккредитациядан өтүүчү билим берүү программаларынын даярдыгы тууралуу аккредитация бөлүмүнүн башчысы Күлсара Джумабековнага берели.

**2. Угулду**: К.Дж. Султанова - 2025-2026-окуу жылында ОшМУда аккредитацияланууч билим берүү багыттары боюнча маалымат бере турган болсок, университет боюнча аккредитацияланууч багыттардын саны – 35. Алардын ичинен: PhD докторантура – 4; магистратура – 12; специалитет – 5; бакалавриат – 12; башталгыч кесиптик билим берүү – 2 программа аккредитациядан өтүшөт. Ошондуктан өздүк баалоону жүргүзүү жана өздүк отчётту даярдоо боюнча жумушчу топтун курамын жана анын иш планын түзүп бекитүү программа жетекчилери, кафедра/бөлүм башчылары тарабынан иштелип, ал эми аккредитация жана лицензиялоо бөлүмүндө каралат, өз убагында тапшыруу жагын көзөмөлдөө структуралардын ОУКтун жетекчисине тиешелүү деп белгилейбиз. Ошондой эле 2025-жылдын 28-февралына чейин структуралык веб-сайттарында ББПлардын аккредитациянын талаптарына ылайык ишмердигин чагылдырган маалыматтарды жаңылоо, толуктоо жана логикалык ыраттуулук менен жайгаштыруу зарылчылыгы да турат. (Слайд тиркелет)

**М.М. Былыкова**: ОшМУнун аккредитация жана лицензиялоо бөлүмүнүн башчысы К. Дж. Султанованын «2025-2026-окуу жылында аккредитациядан жана постаккредитациядан өтүүчү билим берүү программаларынын даярдыгы тууралуу» маалыматы эске алынсын деп добуш берип коюңуздар. Рахмат.

**3. Угулду: М.Т. Нурмаматова -** ОшМУнун "Заманбап лектор - 2025", "Заманбап окутуучу - 2025", "Педагогикалык дебют - 2025", "Заманбап СӨАИ чебери - 2025", "Заманбап окуу басылмасы - 2025", "Заманбап ЭОМК (электрондук окуу-методикалык комплекси) - 2025" конкурстарынын жоболору боюнча программаларын түзүп жарыялоо зарылчылыгы турат.

Буга чейинки конкурстарга катышуу төмөнкүдөй деңгээлде боолгон. Сиздерге эки жылдык катышуунун жыйынтыгын берип атабыз.

**2024-2025-жылдардагы ОшМУнун түзүмдөрүнүн ПО курамынын конкурстарга катышуусу**

| № | Түзүмдөр | Саны | Заманбап лектор | | Заманбап окутуучу | | Педагогика-лык дебют | | СӨАП чебери | | Жалпы саны | | Баары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | - | | 2024 | 2025 | 2024 | 2025 | 2024 | 2025 | 2024 | 2025 | 2024 | 2025 | |
| 1 | Филология жана маданияттар аралык коммуникация институту -<br>чет тилдер<br>орус филологиясы<br>кыргыз филологиясы | 253 | 1<br>-<br>- | 1<br>-<br>- | 1<br>1<br>- | 1<br>-<br>- | 1<br>-<br>- | 1<br>1<br>- | -<br>-<br>- | 1<br>-<br>- | 3<br>1<br>- | 4<br>1<br>- | 9<br>-<br>- |
| 2 | Педагогика, искусство жана журналистика<br>Искусство бөлүмү | 185 | -<br>- | -<br>- | -<br>1 | -<br>- | -<br>- | -<br>- | -<br>- | -<br>- | -<br>1 | -<br>- | -<br>1 |
| 3 | Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар | 160 | 2 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | - | - | 4 | 3 | 7 |
| 4 | Табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар | 170 | 1 | 1 | - | - | - | 1 | 1 | - | 2 | 2 | 4 |
| 5 | Тарых жана юридика:<br>юридика бөлүмү<br>тарых | 158 | 1<br>1 | 1<br>- | 1<br>- | -<br>- | 1<br>- | 1<br>- | -<br>- | -<br>1 | 3<br>1 | 2<br>- | 6<br>- |
| 6 | Экономика, бизнес жана менеджмент | 128 | - | 1 | - | 1 | - | - | 1 | 1 | 1 | 3 | 4 |
| 7 | Чыгыш таануу | 16 | - | - | - | - | 1 | - | - | - | 1 | - | 1 |
| 8 | Медицина | 359 | 1 | - | - | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 3 | 3 | 6 |
| 9 | Эл аралык медицина | 233 | - | 1 | - | 1 | 1 | 1 | 1 | - | 2 | 3 | 5 |
| 10 | Кыргыз-Кытай | 21 | - | - | - | 1 | - | | - | - | - | 1 | 1 |
| 11 | Теология | 11 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| 12 | Эл аралык билим берүү программалары жогорку мектеби | 75 | - | - | 1 | 1 | 1 | - | 1 | - | 3 | 1 | 4 |
| 13 | Ош медициналык колл. | 178 | 1 | 1 | 1 | 1 | - | 1 | - | 1 | 2 | 4 | 6 |
| 14 | Өзгөн эл аралык медициналык колл. | 27 | - | - | - | 1 | - | - | - | - | - | 1 | 1 |
| 15 | Финансы-юридикалык колл. | 120 | - | 1 | - | 1 | - | 1 | - | 1 | - | 4 | 4 |
| 16 | Индустриалдык-педагогикалык колл. | 196 | 1 | 1 | 1 | - | 1 | - | 1 | - | 4 | 1 | 5 |
| 17 | Эл аралык билим берүүнү программалоо колл. | 172 | - | - | - | 1 | 1 | 1 | - | - | 1 | 2 | 3 |
| 18 | STEM инновациялык колл. | 89 | - | 1 | 1 | 1 | - | - | 1 | 1 | 2 | 3 | 5 |
| | | 2542 | 9 | 10 | 9 | 12 | 9 | 10 | 7 | 7 | 34 | 38 | 72 |

Жогоруда таблица көрсөткөндөй, жалпы алганда катышуунун пайыздык көрсөтүчү төмөн. Түзүмдөр жана анын ичинде бөлүмдөр боюнча карап чыкканда, айрым түзүмдөр жана кээ бир бөлүмдөр такыр конкурска катышышпайт.

Конкурстардын графигин бекитип алалы. Жободо көрсөтүлгөндөй, Алгач, кафедралык тур – ноябрь, декабрь айларында болсо, институттук (факультет, колледж) январь-февралда, ал эми университеттик тур март-апрель айларында жүргүзүлөт. Сиздер жооптуусуздар, кафедралык турларды уюштуруп, сайттарга жайгаштыра бериңиздер. Ал эми кийинки турга график түзүп, комиссиянын курамына бөлүмдөн адистери конкурсту жүрүшүнө баа берип, тандоого катышат. Ал эми конкурска кулактандыруу жазып, сайтка жайгаштырууну бөлүмдүн адистери колго алабыз. А сиздер конкурстун программасын түзүп, аны уюштурууга, өткөрүүгө активдүү катышууңуздарды суранып кетебиз.

**М.М. Былыкова:** Баарыңыздар активдүү болуп, кызматтык милдеттериңиздери так аткарып бериңиздер. Бул жылы да конкурс жогорку деңгээлде болот деп ойлойбуз. Былтыркы жеңүүчүлөрдүн алдыңкы тажрыйбаларды жайылтуу боюнча семинарлары, буюрса, ноябрь айынан старт алганы турат. Конкурстун обьективдүү болуп атканына жалпы ПО курам дагы бир жолу баасын берет, буюрса. Эмесе, Мейликан Тагайбековнанын маалыматын эске алып, конкурстун графиктери бекитилсин жана сайттарга кулактандыруулар жарыялансын деп жыйынтык чыгаралы. Добуш берип коюңуздар. Рахмат.

**4.Угулду**: **Розыкова М.М -** Окуу жана окуу-усулдук басылмаларды ОшМУнун Окумуштуулар кеңешине төмөнкү авторлордун эмгектери сунушталды.

| № | Басылмалардын аталышы жана түрү | Автор/авторлор | Кафедра, адистиктин шифр |
|---|---|---|---|
| 1. | Студенттердин илимий-изилдөө иштеринин негиздери. Окуу колдонмо. | А. Ш. Таирова<br>М. Дж. Султанбаева | Чыгыш таануу институтунун чыгыш таануу кафедрасы |
| 2. | Тестовые задания по предмету цифровые технологии в профессиональной деятельности для студентов 1 курса медицинского факультета. | Д. И. Зулпукарова<br>У. А. Сопуев<br>Н. Т. Сманова<br>А. Т. Жакыпбекова<br>Г. А. Кулчиева | МФТИТ институнун жогорку математика жана инновациялык технологиялар кафедрасы |
| 3. | 1С: Бухгалтерия дисциплинасы боюнча лабораториялык жумуштардын жыйнагы | А. Н. Стамбекова<br>А. К. Шерикова | ОшМУнун финансы-юридикалык колледжинин бухг.эсеп жана салык бөлүмү |
| 4. | Бейтапка кам көрүүдөгү медайымдык процесс | А. К. Назарбекова<br>Д. К. Төрөбаева<br>Г. Б. Жээнбекова<br>Б. Х. Кыргызбаева | ОшМунун медициналык колледжи медайым ишинин негиздери ПЦКсы |
| 5. | Методические указания по проведению практических занятий по предмету «Логистика» | Н. Ш. Султаналиева | Экономика, бизнес жана менеджмент институтунун |
| 6. | Профессиональная этика в менеджменте. Учебно-методические указания. | У. Б. Исламова | Экономика, бизнес жана менеджмент институтунун менеджмент жана маркетинг кафедрасы |
| 7. | Конспект лекций по дисциплине “Управление человеческими | У. Б. Исламова | Экономика, бизнес жана менеджмент институтунун |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | ресурсами". Учебно-методические указания. | | менеджмент жана маркетинг кафедрасы |
| 8. | Русский язык. Учебно-методическое пособие для студентов по направлению «Программирование» | Розыкова М. Б.<br>Мадмарова Г. А.<br>Ормокеева Р. К. | ОшМУнун ФжМАК институтунун факультеттре аралык орус тилинин практикалык курсу кафедрасы |
| 9. | Кыргызстандын орто кылымдардагы тарыхы окуу курсу боюнча сөздүк маалыматнаама. Окуу-усулдук колдонмо. | Жаркынбаев Т. | Тарых-юридика институтунун Кыргызстан тарыхы жана археология этнология кафедрасы |

Жогорудагы маселелерди талкуулап отурумда

**Токтом кылынды:**

1. Студенттердин (1-курстар, бардык деңгээлдер боюнча) билим сапатына диагностикалык баалоого мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгын канааттандыраарлык деп белгиленсин.
2. 2025-2026-окуу жылында аккредитациядан жана постаккредитациядан өтүүчү билим берүү программаларынын даярдыгы тууралуу К.Дж. Султанованын маалыматы эске алынсын.
3. ОшМУнун "Заманбап лектор - 2025", "Заманбап окутуучу - 2025", "Педагогикалык дебют - 2025", "Заманбап СӨАИ чебери - 2025", "Заманбап окуу басылмасы - 2025", "Заманбап ЭОМК (электрондук окуу-методикалык комплекси) - 2025" конкурстары ОшМУнун сайтына ж.б. МКларга жарыялансын, кафедралык жана түзүмдүк деңгээлдеги конкурстарды уюштуруу-өткөрүү жагы ОМК төрага/төрайымдарга милдеттендирилсин.
4. Окуу жана окуу-усулдук басылмалар тууралуу М.Б. Розыкованын билдирүүсү эске алынсын жана жогорудагы авторлордун эмгектерин басмага сунуштоо жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

Төрайым М.М. Былыкова

Катчы М.Т. Нурмаматова

**№2 отурум**		**Катышуу барагы**		**29.10.2025**

| № | Аты-жөнү | Түзүмдөр | Телефон № | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Арапбаев Руслан Нурмаматович | Окуу иштер боюнча проректор | 0777184347 | |
| 2. | Былыкова Махабат Максатовна | ОСМКБнын башчысы | 0558242322 | |
| 3. | Розыкова Мавлюда Баратовна | Башкы адис | 0550772563 | |
| 4. | Эгембердиева Нуржамал Аманбековна | Башкы адис | 0551423631 | |
| 5. | Нурмаматова Мейликан Тагайбековна | Методист-координатор | 0772077000 | |
| 6. | Шаимкулова Өмүркан Раимбердиевна | Методист-координатор | 0755554256 | |
| 7. | Сайпидинова Бүсанам Абдикайымовна | Методист-координатор | 0772824113 | |
| 8. | Камалова Айнура Рыспаевна | Инспектор | 0550435735 | |
| 9. | Абдусатар кызы Ширин | Инспектор | 0222009205 | |
| 10.<br>11.<br>12. | Жумаев Нурбек Жапаралиевич<br>Эрмекбаева Нуржамал Жалиловна<br>Райымова Гульзада Суйуновна | Филология жана маданияттар аралык коммуникациялар | 0773105556<br>0778112764<br>0773500076 | |
| 13. | Ярматов Маматкадыр Осмонович | Табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институту | 0774717562 | |
| 14. | Турдумаматова Гулбара Кутпидиновна | | 0772730311 | |
| 15. | Турсунбаева Айнура Турдубековна | Медицина факультети | 0777562368 | |
| 16.<br>17. | Таабалдиева Атыргүл Кичиковна<br>Мамазаиров Мирлан Латипович | Педагогика, искусство жана журналистика институту | 0773162474<br>0990280016 | |
| 18. | Орозбаева Бактыкан Атантаевна | Тарых жана юридика институту | 0770357446 | |
| 19. | Базиева Алия Мансуровна | Эл аралык медицина факультети | 0550400604 | |
| 20. | Абдирайимова Назигай Абдинабиевна | Математика, физика жана информациялык технологиялар институту | 0559039753 | |
| 21. | Узакбаева Айнура Садыковна | Экономика, бизнес жана менеджмент институту | 0773604433 | |
| 22. | Адылбек кызы Айсулуу | Теология факультети | 055278968 | |
| 23. | Абдыкаарова Турдукан Момуновна | Кыргыз-кытай факультети | 0773782488 | |
| 24. | Парпиева Айсулуу Абдижалаловна | Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектеби | 0773064602 | |
| 25. | Абылкасым уулу Канат | Чыгыш таануу институту | 0777358527 | |
| 26. | Арзиева Азиза Бакытовна | Ош медициналык колледжи | 0770179918 | |
| 27. | Жаанбаева Зулайка Нажимовна | Өзгөн медициналык колледжи | 0700864190 | |
| 28. | Раимбердиева Жаннат Курманбековна | Финансы-юридикалык колледж | 0771030878 | |
| 29. | Жумабаева Алтын Таштановна | Эл аралык билим берүү колледжи | 0772646979 | |
| 30. | Маликова Наргиза Пайзилдаевна | STEM инновациялык колледжи | 0779252085 | |
| 31. | Кушбакова Динара Тойчубаевна | Айыл чарба колледжи | 0505285528 | |
| 32. | Эралиева Толгонай Тургунбаевна | Курулуш колледжи | 0553078081 | |